украинскую командировку, учащихся, студентов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧУЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**

**СЫН-ТАШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**СЫН-ТАШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ СЫН-ТАШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА СЫН-ТАШ**

# ТОКТОМ № 65/9-29

Тельман айылы.

18.12.2025-жыл

**Сын-Таш айыл аймагынын китепканаларын оптималдаштыруу жана кайра уюштуруу жөнүндө.**

Сын-Таш айыл аймагындагы китепканалардын ишин жакшыртуу, материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын, "Китепкана иши жөнүндө" Мыйзамынын жана 2024-жылдын 7-февралы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун негизинде, Сын-Таш айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Сын-Таш айыл аймагында жайгашкан Өтөгөн айылындагы №9 китепканасы, Рот-Фронт айылындагы №8 китепканасы жана Жетиген айылындагы №14 китепканасы жоюлуп, бириктирүү жолу менен кайра уюштурулсун жана алардын базасында Юрьевка жанаТельман айылдарында Бириккен китепкана түзүлсүн.
2. Өтөгөн айылындагы №9 китепканасынын китеп фонду, Юрьевка айылдагы №6 китепканасына берилсин;
3. Рот-Фронт айылындагы №8 китепканасынын китеп фонду, Тельман айылдагы №16 китепканасына берилсин;
4. Жетиген айылындагы №14 китепканасынын китеп фонду, райондук китепканага берилсин;
5. Сын-Таш айыл өкмөтүнүн башчысына:
   - Китепканаларды жоюу жана кайра уюштуруу боюнча комиссия түзүлсүн;
   - Китепканалардын фондусун, мүлкүн жана жабдыктарын инвентаризациялоодон өткөрүлсүн;
   - КР мыйзамдарына ылайык, кызматкерлерге кайра уюштуруу жөнүндө тийиштүү билдирүүлөр берилсин жана кыскарууга туш болгон кызматкерлерге тийиштүү компенсациялар берилсин;
   - Жаңы түзүлгөн мекеменин жобосун иштеп чыгуу жана каттоодон өткөрүү чаралары көрүлсүн.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин социалдык суроолор боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

**Сын-Таш айыл Кеңешинин төрагасы:** **М.Ш.Кучкачев**